# Жумаш СЫДЫКОВ:

№ 7 (16585)

КР Улуттук банкынын түзүлүшүнө-25 жыл

# «БААНЫН ТУРУКТУУЛУГУНА ЖЕТИШИЛЕТ»

**2017-жылдын 6-мартында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кыргыз банкы катары расмий түзүлүшүнө 25 жыл толгону турат. Биз Улуттук банктын Ош областындагы башкармалыгынын кызматкерлерин аталган мааракe менен куттуктап, башкармалыктын башчысы Сыдыков Жумаш Токтобековичти кепке тарттык. Маектешибиз Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын тарыхы, аталган башкармалыктын ишмердүүлүгү жана коомубузга кошкон салымдары тууралуу айтып берди.**

***- Жумаш Токтобекович, Сиздерди 25 жылдык мааракe менен куттуктоо менен бирге, алгач, окурмандар үчүн Улуттук банктын облусубуздагы башкармалыгынын түптөлүшү тууралуу маалымат бериңиздичи өтүнөт элек?***

-Тарых маалыматына кайрылып карай турган болсок, Ош шаарында банк мекемесинин ачылып иштей башташы 1927-жылга тийиштүү. Ал убакта, Ош шаарында Мамлекеттик банк жана айыл чарба банкы бар болгон, алар кооперативдик уюмдарды тейлешкен. Мезгил өтүп, шаарда түркүн экономикалык өзгөрүштөр болуп, ага ылайык, банктардын аталыштары, тейлөө максаттары өзгөрүүгө учураган.

СССРдин кыйрашы менен Кыргыз ССРинин Мамлекеттик банкы 1991-жылы Кыргыз Республикасынын менчигине өтүп, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкы болуп кайрадан түзүлөт. Ошол эле жылы Мамлекеттик банктын Ош шаарындагы бөлүмү Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкынын Ош областтык башкармалыгы болуп кайрадан аталат.

Ал эми, 1992-жылы 6-мартта Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы болуп кайрадан түзүлөт, ага ылайык, областтагы башкармалыгы Улуттук банктын Ош областтык башкармалыгы болуп кайрадан аталат.

***-Улуттук банктын аймактык башкармалыктарынын ишмердүүлүгү тууралуу айтып берсеңиз?***

-Областтык башкармалык өз ишмердүүлүгүндө "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө", "Кредиттик союздар жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндөгү" мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченем актыларына таянып иш жүргүзөт.

Областтык башкармалык өзүнчө юридикалык жак катары эсептелинбейт, ошондуктан областтык башкармалык өз ишмердүүлүгүндө Улуттук банктын атынан аракет жасайт жана башкармалыкка берилген укук-милдеттерди аткаруу менен чектелет.

"Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамына ылайык, областтык башкармалыктын ишмердүүлүгүнө мамлекеттик бийлик органдарынын кийлигишип, тигил же бул маселени чечүүсүнө жол берилбейт.

Областтык башкармалыкты Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасы тарабынан дайындалуучу башчы жетектейт. Областтык башкармалыктын негизги максаты-Улуттук банктын областтагы негизги тапшырмаларын чечүү болуп саналат.



***-Ушул тапшырмаларга токтоло кетсеңиз. Кандай тапшырмалардын үстүндө иш алып барасыздар?***

-Алдыга койгон максаттарды чечүүгө жетишүү үчүн, областтык Башкармалык төмөнкү тапшырмаларды аткарат:

- Улуттук банктын тийиштүү укуктук-ченем актысынын негизинде, калктын жана чарбалык иш жүргүзүүчү юридикалык жактардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн коммерциялык банктарды накталай акча каражат менен камсыздоо;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Банктарды көзөмөлдөө башкармалыгынын аныктоосуна ылайык, областтын аймагында жайгашышкан банктардын жана банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишмердүүлүгүнө текшерүүлөрдү жүргүзүү;

- областтын аймагында жайгашышкан банктык эмес финансы-кредиттик мекемелерге лицензия, күбөлүк берүү жана алардын ишмердүүлүгүн тескөө, көзөмөлдөө;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын максаттарын, тапшырмаларын жана Улуттук банктын ишмердүүлүгүнүн ачыктыгын областтын аймагындагы коомчулукка жеткирүү жана түшүндүрүү.

***-Банктардын жана финансы-кредиттик мекемелердин ишин көзөмөлдөйбүз деп жогоруда айтып кеттиңиз, айтсаңыз, биздин областта Сиздердин көзөмөлүңүздөрдө турган канча ушундай объект бар?***

-Жогоруда белгиленгендей, 1991-жылы Ош шаарында жана областтын район, шаарларында, бир катар коммерциялык банктардын бөлүмдөрү ачылган. Ага ылайык, мезгилдин шарапаты менен жүрүп олтуруп, бүгүнкү күндө алардын саны 60ка жетти. Ал эми сактык кассаларынын саны 197. Алар менен катарлаш, областтын район-шаарларында банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүшүп келишүүдө. Тактап айтканда, алардын саны ушул жылдын 1-январына карата 104тү түздү. Алардын ичинде 20 кредиттик союз, 10 чакан кредиттик агенттик, 21 чакан кредиттик компания жана 53 акча алмаштыруучу жай бар.

***-Улуттук банктын мындан аркы келечек –пландары тууралуу ой бөлүшсөңүз?***

-Тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү менен баалардын туруктуулугуна жетишүү жана аны кармап туруу- Улуттук банктын ишинин негизги максаты болуп кала берет. Негизги максатына жетиш үчүн Улуттук банк өзүнүн карамагындагы акча-кредит саясатынын куралдарын колдонуусун улантат.

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын банк секторунун туруктуулугун камсыз кылууга багытталган экономиканын долларлашуу деңгээлин, банктардын жана банк эмес финансы-кредит мекемелердин тобокелдиктерин төмөндөтүү, калктын финансы-кредит мекемелеринин кызматтарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу боюнча иш-чараларды улантат.

***-Маегиңизге чоң рахмат, ишиңиздер ийгиликтүү уланышына тилектешмин!***

**Маектешкен:**
**К.КЫДЫРАЛИЕВА.**